**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

*Кептик тема:Помидор*

*Грамматикалык материал: Сын атоочту кайталоо*

*Кайыкеева Кенже Сатылгановна*

*2020-2021- окуу жыл*

**Сабактын темасы:** ***Помидор***

**Сабактын максаты:** **1)** ***Билим берүүчүлүк максаты:***

Жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнүшөт, алар менен сөз айкашын жана сүйлөм түзө алышат. Көнүгүү, машыгуу иштерин аткарышат.

**2)** ***Өнүктүрүүчүлүк максаты***

Окуучулардын кабыл алуусу, логикалык ойлонуусу, эс тутуму, сүйлөө кеби өнүгөт.

**3)** ***Социомаданий максаты.***

Окуучуларды биримдикке, толеранттуулукка, ынтымакка тарбиялоо.

**Сабактын тиби:** быштыктоо, жыйынтыктоо.

**Сабактын ыкмасы:** аралаш сабак.

**Сабактын формасы:** топтордо, жупта иштөө.

**Сабактын жабдылышы:** ТСО, карточкалар, сүрөттөр, скотч, маркер, түстүү кагаздар, таяныч сөздөр.

**Предмет аралык байланыш:** жаратылыш, адабият.

## Сабактын жүрүшү.

**I. Уюштуруу учуру**

Саламдашуу, сабактын темасы, максаты, көрсөткүчтөрү менен тааныштыруу.

**II Үй тапшырмасын суроо.**

- Балдар, үйгө тапшырма эмне берилген?
- Сын атоочторду кайталоо.

**III Жаңы теманы түшүндүрүү.**

1. Сүрөттөр менен иштөө
   Жаңы сөздөр менен сөз айкаштарын түзүшөт.
2. Кластер түзүү "Конок"
   Балдар ойлонуп көргүлөчү. Биз бүгүн иштөөчү текстин аты кандай болушу мүмкүн?

Доскадан помидордун түрдүү сүрөттөрү чыгарылат.





Кептик темабыз: “Помидор”
Грамматикалык тема: Сын атоочту кайталоо
Баарыбыз дептерибизди ачып, бүгүнкү датаны жана теманы жазабыз.

**IV Окуучуларды топторго бөлүп алуу.**
**Сабактын максаттарына мугалим токтолот.**

Окуучулар эки топко бөлүнүшөт. Түстөр боюнча:
1-топ “Кызыл түс” .
2-топ “Жашыл түс”.

Эми балдар, доскага көңүл бурабыз. Бул “Алма дарагы”.

Бул даракты биз көрктөндүрүп, алмалуу даракка айландыралы. Аны үчүн ар бир жооп берген жообуңар, аткарган тапшырмаңар бирден алма болуп эсептелет. Аларды силер даракка чаптайсыңар. Эгер туура эмес болсо, анда алма чаптабайбыз.

**V Текст менен иштөө.**

Текстти эки тыным менен окушат

Биринчи топ биринчи тынымды окуйт.
Экинчи топ экинчи тынымды окуйт.
Доскада ушул эле тексти сүрөттөр менен да окушат (эс тутуму өсөт).
Текстин мазмунун өз түшүнгөндөрү боюнча орус тилинде айтырсам болот.

**VI Суроолорго жооп берүү (Даяр таянычтар менен берилет).**

Биринчи тыным боюнча суроолор

1. Илгери помидор кандай болуптур?
   Илгери помидор . . . болуптур.
2. Ал өзү кандай экен ?
   Ал өзү . . . экен.
3. Кайда барганды жакшы көрчү экен?
   . . . барганды жакшы көрчү экен.
4. Эмненикине конокко барыптыр?
   . . . ., . . . ,. . . , . . . ,. . . конокко барыптыр.
5. Эмне үчүн барчу экен?
   … ичиш үчүн барчу экен.

Экинчи тыным боюнча

1. Помидор дагы конокко кайда даярданды?
   Помидор дагы конокко ... даярданды?
2. Күтүлбөгөн жерден помидорго эмнелер келишти?
   Күтүлбөгөн жерден помидорго ..., ..., ..., ..., ..., келишти?
3. Алар эмнеге келишти?
   Алар ... келишти.
4. Помидордун үйүндө эмне жок эле?
   Помидордун үйүндө ... жок эле.
5. Эмне үчүн помидор кызыл болуп калды?
   ..., үчүн помидор кызыл болуп калды.

Кырдаалдык суроолор.
Силер дагы конокко барасыңарбы?
Кандай, кайсы учурларда барасңар?
Силер келген коноктorду кандай тосуп аласыңар?

**VII** Оюн ойнойбуз (физминутка).
Кыргызча сөздөрдөн билесиңерби?

**VIII Көнүгүүлөр менен иштөө.**
1. тапшырма. Берилген сөздөрдү мааниси боюнча тапкыла

(дептерге иштешет).

| | |
|---|---|
| Жашыл | Жасабайт |
| Жалкоо | Уялды |
| Тамак | Даярданды |
| Аябай | Болгон |
| Ашкабактыкына | Помидор |

**2. тапшырма.**

| Сүйлөмдөрдүн туура же ката экендигин аныктагыла. | Туура | Ката |
|---|---|---|
| 1.Илгерии помидор конокко барганды жаман көрчү. | | |
| 2. Помидордун үйүндө түрдүү тамак-аштар бар. | | |
| 3. Бир күнү конокко ашкабактыкына барды. | | |
| 4. Помидордун үйүнө сабиз, пияз, капуста, банан келишти. | | |
| 5. Помидор уялып, кызыл болуп калыптыр. | | |
| 6. Помидор коноктош керек экенин түшүнүптүр. | | |

**3 тапшырма. Текстен сын атоочторду тапкыла..**

**Помидор**

Iтыным

Илгери помидор да жашыл болгон экен. Ал өзү жалкоо болуп тамак жасагысы келбей, күндө бир конокко барганды жакшы көрчү экен. Бир пияздыкына, бир күнү сабиздикине,бир күнү капустаныкына, бир күнү картошканыкына, бир күнү бадырандыкына конокко барып, тоюп келип жатып калчу экен.

**IIтыным**

Эми ашкабактыкына барсамбы деп турганда, күтүлбөгөн жерден конокко пияз, картошка, сабиз, капуста, бадырaң болуп чогулуп келип

калышат. Помидордун үйүндө эч нерсе жок болуп, аябай уялып кызарып кетет. Ошол бойдон помидордун өңү кызыл бойдон калыптыр. Помидор конокко баргандан кийин, аларды да коноктош керек экенин кийин түшүнүптүр.

**4 тапшырма Сын атоочторду катыштырып диалог түзгүлө.**

**Сабакты жыйынтыктоо.**
Тема кызыктуу болдубу?
Кайсы маалымат кызыктуу болду?

**Үйгө тапшырма:**
Сын атоочторду колдонуп, текстеги жашылчаларга бирден сүйлөм түзүп келгиле.

**Окуучуларды баалоо.**
Доскага чапталган алмалар саналат.

Таяныч сүрөттөр.















Я ВСЕ ПОНЯЛ
МНЕ ПРОСТО СТЫДНО...((((
risovach.ru


Download from
Dreamstime.com
This watermarked comp image is for previewing purposes only.
ID 45675134
Blue Ring Media Pty Ltd | Dreamstime.com




Rylik.ru




birzhanova.ru